
# Зааранын кантип бөлүп алуу керек?



Заара өзүнчө канал боюнча чыгарылган даараткананаларда заң жана заара аралашпайт, анткени аларда өзүнчө эки көз колдонулат. Заара резервуарда топтолот жана сакталат. Даараткананын астында чогулуучу заңдар жыгач таарындысы, топурак, күл же алардын аралашмасы сыяктуу кургак материал менен түздөн-түз жабылып, андан соң 2 жыл сакталышы керек.

*Биз жаратылыш бөлгөн нерсени эмне үчүн аралаштырышыбыз керек?*









**Гигиена:** Эреже катары саламаттуу адамдын заарасында,патогендүү заттар болбойт. Бирок, айрым учурларда заарада патогендүү заттар болушу мүмкүн, ошондуктан зааранын кийин түшүм түрүндө жыйналуучу жана сакталуучу өсүмдүктөргө карата, ошондой эле тамакка чийки түрүндө колдонулуучу өсүмдүктөргө карата түздөн-түз колдонууга болбойт. Коомдук даараткананалардан алынган заара 6 ай бою сакталышы керек, ал эми менчик даараткананалардан алынган зааранын дароо эле колдонууга болот.


***Шилтемелер:***

*Саламаттыкты Сактоонун Бүткүл Дүйнөлүк Уюму, 2006: Таштанды жана канализациялык сууларды жана экскременттерди коопсуз пайдалануу боюнча СБУ колдонмосу, том 4, Экскременттерди жана канализациялык сууларды айыл чарбасында колдонуу http://www.who.int/water sanitation_health/wastewater/gsuww/en/index.html*

*Ecosanres, 2004: Зааранын жана заңды коопсуз пайдалануу боюнча колдонмо http://www.ecosanres.org/pdf_fles/ESR_Publications_2004/ESR1web.pdf http://www.ecosanres.org/pdf_fles/ESR_Publications_2004/ESR2web.pdf*





Экологиялык санитария ресурстарды ысырап кылбайт, айлана-чөйрөнү булгабайт жана (казылган, аңы бар коомдук даараткананалардан же тазаланбаган жуулуучу даараткананалардан айырмаланып) азык заттардын айлануусун бүтөйт. Заарада организмден бөлүнүп чыгуучу азоттун эң чоң көлөмү (80—90%) топтолот.

** Заңды кайрадан пайдаланууга тийиштүү маалыматты Сиз «Компост жана заңды коопсуз пайдалануу» деген аталыштагы өзүнчө брошюрадан таба аласыз*

## «Европа аялдары Жалпы Келечек үчүн» (WECF) уюму тууралуу

WECF өзү эл аралык тармак, анын курамына 40 өлкөдөн 100дөн ашык аялдар уюмдары жана экологиялык уюмдар кирет. Уюмдун негизги миссиясы болуп долбоорлорду ишке ашыруу, ошондой эле таза айлана-чөйрөнү ааламдык масштабда коргоо жана колдоо саналат. Туруктуу санитария боюнча демонстрациялык долбоорлор WECF тарабынан Борбордук жана Чыгыш Европада, Кавказда жана Борбор-Азия чөлкөмүндө (БжЧЕКБА өлкөлөрү) ишке ашырылууда.


Бул публикация, ошондой эле туруктуу санитария боюнча WECF долбоорлору Нидерландынын Тышкы Иштер Министрлиги, Германиянын Айлана-чөйрө, Жаратылышты коргоо жана Ядролук коопсуздук Федералдык Министрлиги (Британия Медициналык Бирикмеси), Европа Комиссиясы жана Франциянын Бириккен Фондусу тарабынан колдоого алынган.


WECF


wecf@wecf.eu


**Эгер Сиздин ыктыярдуу салым түрүндө биздин ишке колдоо көрсөтүү ниетиңиз болсо, биз менен төмөнкү даректер боюнча байланышыңыз:**


**«Европа аялдары Жалпы Келечек үчүн» уюму (WECF), Нидерланды**

П/я 13047
3507 LA, Utrecht
(Утрехт ш., Нидерланды)
Тел.: +31 - 30 - 23 10 300
Факс: +31 - 30 - 23 40 878

Rekening 1266.45.11 6
Tenaamstelling: Wecf
IBAN: NL96 RABO 0126 6451 16
БИК: RABONL2U

**«Европа аялдары Жалпы Келечек үчүн» уюму (WECF), Германия**

Sankt-Jakobs-Platz 10
D – 80331 München
Germany (Мюнхен ш., Германия)
Тел.: +49 - 89 - 23 23 938 0
Факс: +49 - 89 - 23 23 938 11

Kontonummer: 13 13 90 50
Bankleitzahl: 701 500 00
Stadtsparkasse München
IBAN: DE68 7015 0000 0013 1390 50
БИК: SSKMDEMM

**«Европа аялдары Жалпы Келечек үчүн» уюму (WECF), Франция**

BP 100
74103 Annemasse
Cedex, France (Франция)
Тел. / Факс: +33 450 37 71 98

Crédit Agricole de Savoie – Annemasse Saint André
Compte n° 18106 00038 96711941875 56
IBAN : FR76 1810 6000 3896 7119 4187 556 БИК : AGRIFRPP881


www.wecf.eu

Бириккен Фонддун

Айлана чөйрө, Жаратылышты коргоо жана Ядролук коопсуздук Федералдык министрлигинин

Buitenlandse Zaken Ontwikkelingssamenwerking

Колдоосу менен



# Заара – сары алтын

## Экосан (ecosan) даараткананаларынан чогултулган адамдын заарасын Сиздин айдоо жерлердин түшүмдүүлүгүнүн жогорулатуу үчүн коопсуз кайра пайдалануу

Европа Аялдары Жалпы Келечек үчүн | WECF

www.wecf.eu

# Зааранцы жер семирткич катары кантип колдонууга болот?

**Заара эң сонун жер семирткич болуп саналат. Анда азот, фосфор, калий жана көптөгөн азыктандыруучу микроэлементтер бар.**

Заарадагы азык заттарды өсүмдүктөр жакшы сиңирет. Жер семирткич колдонулган өсүмдүктөр тез өсөт, аларда жалбырактар көбүрөөк болот жана алардан көбүрөк түшүм алууга болот. Айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткич себүүдө химиялык жер семирткичтердин ордуна зааранцы колдонуу түшүмдүүлүктүн көлөмүн өзгөртпөстөн акча каражаттарын үнөмдөйт. Бир адам жылына 500 литрге жакын заара бөлүп чыгарат.



*Зааранцы колдонуу жүгөрүнүн түшүмүн кантип жакшыртат (фото P. Morgan (П. Морган))*

## Болот


- Топуракты заара менен сугарууга
- Зааранцы топуракка аралаштырууга же төгүүгө
- Заара менен иштөөдө кол кап жана эски кийим кийүүгө
- Түшүмдү жыйнагандан кийин аны сөзсүз жууганга

## Болбойт

- Түшүм жыйнаганга чейин бир айдан аз калганда зааранцы колдонууга
- Ачык суулардын (дарыялардын же көлдөрдүн) жанында зааранцы колдонууга

# Зааранцы кантип колдонууга болот?

**Суюлтуу:** Суюлтулбаган заара жогору «концентрацияланган», ошондуктан өсүмдүктөрдү «күйгүзүп» жибербеш үчүн аны суу менен аралаштыруу керек. Бирок үрөн себиле элек топуракка өсүмдүктөрдү отургузуунун алдында зааранцы суюлтпаган бойдон колдонсо болот. Жаш өсүмдүктөргө жер семирткич себүүдө зааранцы 1:1—1:7 катышында суюлтуу керек. Көп жыл өскөн өсүмдүктөргө же дарактарга караганда жаш өсүмдүктөр үчүн пайдаланууда зааранцы көбүрөөк суюлтуу зарыл.




**Канча?** Эреже катары, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жана топурактын азотко болгон муктаждыгына жараша бир чарчы метрге 1.0-2.5 литр зааранцы колдонуу сунуш кылынат. Сиз ошондой эле жер семирткичтин эң туура деңгээлин аныктоо үчүн чакан эксперимент жүргүзсөңүз болот.

| | Бир литрге | Бир адамга/жылына |
|---|---|---|
| Азот | 3-7 г | 2 - 3.5 кг |
| Фосфор | 0.3 - 1 г | 0.2 - 0.5 кг |
| Калий | 1.5 - 2 г | 0.8 - 1 кг |
| Сера | 0.5—1 г | 0.5 кг |
| Магний | 30—80 мг | 40 г |
| Кальций | 50—200 мг | 100 г |

*Таблицада заарадагы азык заттардын көлөмү көрсөтүлгөн*

**Качан жер семиртүү керек?** Заара менен жер семиртүүнү айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү маалынын жүрүшүндө графикке ылайык азоттук жер семирткичтерди колдонгондогудай эле жүргүзүүгө болот. Жер семирткичти айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү процессинде бир же андан көп жолу себүүгө болот. Негизинен, сабиз, пияз жана салат сыяктуу тамырлары чакан өсүмдүктөр үчүн зааранцы көбүрөк колдонуу зарыл. Кыш мезгилинде зааранцы айыл чарба сезону башталганга чейин жабык контейнерлерде сактоого болот. Жер семиртүүдөн кийин азотту жоготпостон заара топуракка түшүшү үчүн түшүмдү сугарууга болот. Же болбосо зааранцы түздөн-түз сугаруу процессинде суу менен чогуу колдонуу зарыл.





**Сиз менчик дааратканалардан алынган зааранцы дароо, БИРОК коомдук дааратканалардан алынган зааранцы 6 айдан кийин гана колдоно аласыз.**





**Түшүмдү бир айдан кийин же кийинчерээк жыйнаңыз.**



